**Султаналиева Шайыркүл Карыпбековнанын “Бакалавр системасында студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери”** аттуу 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине расмий оппоненттин

**ПИКИРИ**

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргызстандын жогорку окуу жайлары расмий түрдө бакалавриатка өтүшү менен жогорку билимдин мазмуну дагы, анын методологиясы дагы кескин өзгөрүүгө учурады. Өзгөчө башталгыч мектеп мугалимдерин даярдоодо айрым бир маселелер пайда болду. Даярдоо убакытысынын азайышы, ошону менен бирге педагогикалык дисциплиналар боюнча сааттардын кыскарышы окуу процессине, анын ичинде окуу мазмунуна жаңыча көз карашты талап кылды. Бул - биринчиден. Экинчиден, белгилүү болгондой инсандын “Мен” деген концепциясынын калыптанышы бир гана рефлексиялоо процесси менен жүрөт. Ошондуктан, келечектеги башталгыч мектептин мугалимдерине рефлексиялык ишмердүүлүктү калыптандыруу абдан маанилүү болуп саналат. Демек, **Султаналиева Шайыркүл Карыпбековнанын** “Бакалавр системасында студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери” аттуу диссертациялык эмгеги өз учурунда аткарылган, өзгөчө багытка арналган эмгек болуп саналат. Ошондуктан диссертациянын темасы актуалдуу жана маанилүү болуп саналат.

**Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделүү даражасы.**

Диссертациялык иште коргоого төмөнкү жоболор коюлган:

1. Болочоктогу башталгыч мектеп мугалимдеринин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптоонун теориялык жана практикалык негиздери.
2. Бакалавр - студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптоонун педагогикалык негиздери жана анын компоненттерин камтыган модель.

3. Студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн натыйжалуу калыптоодогу дидактикалык каражаттардын жана “Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү” деген аталыштагы автордук курсунун негизделиши.

4. Болочоктогу мугалимдердин кесиптик рефлексиялоосун калыптоого багытталган педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары.

**Илимий жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү**

Изилдөөнүн материалдары, жыйынтыктары жана С.Нааматов атындагы НМУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген “Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү” аттуу атайын курс педагогикалык багыттагы студенттерди даярдоого колдонулат. Мындан тышкары, иштелип чыккан материалдар мугалимдердин кесибин жогорулатуу курстарында колдонулушу мүмкүн.

Изилдөөнүн алкагында даярдалган студенттердин рефлексиялоосун калыптоонун модели жана курсу студенттерди даярдоодо инновациялык методдорду колдонууга шарт түзөт. Натыйжада, кесиптик даярдоодогу тышкы жана ички (өздүк) баалоого мүмкүнчүлүк түзүлүп, мугалимдерди даярдоо процессинин сапатынын жогорулашына өбөлгө түзө алат.

**Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар**

Илимий иштин жыйынтыктары жана натыйжалары боюнча автор тарабынан төмөнкү конкреттүү маселелерди чечүү сунуштары берилген. Алсак, рефлексиялоо ишмердүүлүктүн теориялык аспектилери педагогикалык багыттагы бакалаврларды даярдоодо аныкталган адаптациялоо менен колдонууга толук болот. Ал эми рефлексиялоосун калыптоо максатында даярдалган “Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү” аттуу атайын курсту мектеп мугалимдеринин кесибин өркүндөтүү процессинде колдонуу сөзсүз түрдө күтүлгөн жыйынтыкты берет.

**Илимий изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы жана талкууланыш деңгээли.** Изилдөөнүн жыйынтыктары автордун 16 жарыяланган эмгектери аркылуу апробацияланган жана республикалык, эл

аралык конференцияларда талкууланган. Алсак, "Башталгыч жана орто мектепте билим берүү: көйгөйлөр, тажрыйбалар жана перспективалар" республикалык илимий-практикалык конференцияда И. Арабаев атындагы КМУ (2012-ж), "Актуальные пробемы педагогики и психологии в России и за рубежом" (Россия Федерациясы, 2015-2016-жж.) жана башка конференцияларда баяндалган. Ошондой эле изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча илимий-практикалык конференцияларда: Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде (2013-2015-жж.), С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин жарчысында (2014-2016-жж) Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жарчысы «Педагогика жана психология» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияда (2012-ж.) жана эксперимент өткөрүлгөн университеттерде апробацияланган.

**<u>Диссертациялык иштин мазмуну жана структурасы</u>** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат. Жалпы көлөмү 165 бетти түзөт.

Киришүү бөлүмүндө изилденүүчү теманын тандалышы негизделип, теманын актуалдуулугу аныкталган. Изилдөөнүн маселелери, максаты, милдеттери белгиленип, теориялык жана практикалык мааниси аныкталып, коргоого коюлуучу жоболор келтирилген.

Диссертациялык изилдөөнүн биринчи главасы *"Болочок башталгыч мектеп мугалимин бакалавр системасында даярдоонун теориялык маселелери"* деп аталып, педагогикалык адабияттарга талдоо жүргүзүүнүн негизинде жогорку окуу жайдын башталгыч мектеп мугалиминин бакалавриат системасында даярдоонун негизин аныктоого, теориялык жана практикалык тажрыйбаларды талдоонун негизинде студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүктөрүн калыптандыруунун педагогикалык негиздеринин теориялык аспектилерине арналган.

Диссертациялык изилдөөнүн экинчи главасы *"Студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери"*

деп аталып, мында студенттердин рефлексиялоо ишмердүүлүгүн калыптоонун модели сунушталган жана дидактикалык каражаттары иштелип чыккан жана ошондой эле, студенттердин арасында тренингдерди өткөрүүнүн жолдору көрсөтүлгөн. Ал эми диссертациянын үчүнчү главасы *"Педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыгын илимий интерпретациялоо"* деп аталып, мында изилдөөнүн эксперименталдык жыйынтыктарына анализ жүргүзүлгөн.

Нарын облусунда билимин өркүндөтүү курсуна келишкен башталгыч мектеп мугалимдеринен А.В. Карповдун методикасы боюнча рефлексиялоо деңгээлин аныктоо үчүн тест жүргүзүлүп, мугалимдердин педагогикалык тажрыйбасынын тийгизген таасирлери белгиленген. Мындан тышкары, студенттердин арасында педагогикалык экспериментте алгач биринчи курстун экинчи семестринде студенттердин рефлексиялоо деңгээлдери аныкталган. Негизги педагогикалык эксперименттин "Педагогикалык теориялар, системалар жана технологиялар" дисциплинасы боюнча студенттердин билимдердин деңгээлдери аныктоо менен мүнөздөлгөн. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасы катары студенттердин билим деңгээли К. Тыныстанов атындагы ЫМУ үчүн 30,5%дан 54,1%га чейин жогорулады, С.Нааматов атындагы НМУда бул көрсөткүч 33,3%дан 61,9%га чейин көтөрүлдү, ал эми КӨУда билим сапаты 31,6%дан 54,7%га чейин өзгөргөндүгү белгиленген. Белгилей кетүүчү факт, эксперименттик иштин натыйжаларынын аныктыгын эсептөө үчүн $\chi^2$ критерийи кабыл алынып, анын эксперименталдык мааниси таблицалык маанисинен чоң болгондугу оң натыйжанын алынганын көрсөтүп турат.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши**

Изденүүчү Ш.К.Султаналиеванын автореферaты диссертациялык иштин мазмунун жана максатын, негизги жоболорун толук камтыган. Автореферат материалды берүү жана түшүндүрүү логикасына туура келет.

**Диссертациянын мазмунундагы жана авторефераттагы мүчүлүштүктөр.** Диссертациялык иште төмөнкү мүчүлүштүктөр кездешет:

1. Башталгыч мектеп мугалимдерди даярдоонун нормативдик-укуктук ченемдери ар тараптан анализделген. Бирок сунуш катары башталгыч мектеп мугалимдерин даярдоонун процессинин окуу планына окуу жайы аныктай турган курс менен студенттердин өздүк тандоо курсун белгилөө зарыл болчу.

2. Диссертациялык иште инсандын тигил же бул касиеттерин аныктоо негизинен алганда тест тапшыруу менен жүргүзүлгөн. Белгилүү болгондой, инсандын касиеттерин аныктоодо эксперттик анализ методу дагы ийгиликтүү колдонулат. Ошондуктан, изилдөөдө эксперттик анализ методу колдонуу иштин жалпы маанилүүгүн көтөрмөк.

3. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыгын көрсөтүүдө окуу жайын аяктаган бүтүрүүчүлөрдүн педагогикалык ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтар берилсе, анда изилдөөнүн жыйынтыктарынын ынанымдуулугу бир деңгээлде көтөрүлмөк.

Бирок бул аталган мүчүлүштүктөр диссертациянын жалпы баалуулугун төмөндөтпөйт.

**<u>Диссертациялык иштин Кыргыз Республикасынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө жобосунун» критерийлерине туура келиши</u>**

Демек, Султаналиева Шайыркүл Карыпбековнанын **“Бакалавр системасында студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери”** темасындагы диссертациялык иши кандидаттык диссертацияларга коюлуучу Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берет, ал эми иштин автору 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты деген даражаны алууга татыктуу.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **А.Ч. Омаралиев**

П.и.к., доц. А.Ч. Омаралиевдин колун тастыктаймын;
Ош МУнун окумуштуу катчысы М. Байсубанов

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
ИНН 00207199610017